# КЫРГЫЗ ТИЛИ 9-КЛАСС ВАРИАНТ № 4

*(окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн)*

**Аты-жөнү:** ___________________________________

2020

**№ 1. Указ, мыйзам кайсы стилге таандык?**
**А)** көркөм
**Б)** илимий
**В)** публицистикалык
**Г)** расмий

**№ 2. Кайсы сүйлөмдө тыныш белгилери туура коюлган?**
**А)** Адамдын эмгегин баалоо барктоо керек.
**Б)** Ээр, карагай терек сыяктуу жыгачтан жасалат.
**В)** Манасчылыр акын да жомокчу да, болушкан.
**Г)** Акылдуу, билимдүү адам улууларга катуу айтпайт.

**№ 3. Обочолонгон түшүндүрмө аныктооч катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.**
**А)** Алмада организмге керектүү заттар-витаминдер – бар.
**Б)** Баягы эле кыздардын – Алинанын, Нуркыздын – күлкүсү таш жарды
**В)** Жигиттер улуттук оюндарды-тогуз коргоолду, улак тартышты-жакшы ойношот.
**Г)** Адабий чыгармаларды, аңгемелерди, романдарды, повесттерди –жакшы жазат.

**№ 4. Обочолонгон түшүндүрмө толуктооч катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.**
**А)** Кыргызстанда дан эгиндери – буудай, арпа өстүрүлөт.
**Б)** Балдар, 11-класстар, мектептин тиреги.
**В)** Техниканы – копьютерди,телевизорду оңдогонду билет.
**Г)** Сахнага кыздар-ары чырайлуу,ары сулуу чыгышты.

**№ 5. Каратма сөз катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.**
**А)** Дайыма аралаш иштеп, бирге жүр.
**Б)** Адамдар, бири-бириңерге нааразычылыкты пайда кылбагыла.
**В)** Менин оюмча, бардыгы жакшы болот.
**Г)** Ээн талааны гүлдөтүп иштеткиле.

**№ 6. Кириндиу сөз катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.**
**А)** Бардыгы сиз айткандай болсун.
**Б)** Албетте, мен мындай сөздү күткөн эмесмин.
**В)** Комузум, күүгө келчи, комузум.
**Г)** Кокуй, жаан башталды,үйгө кирели.

**№ 7. Сырдык сөз катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.**
**А)** Кыздар тойдо кызмат кылышты.
**Б)** Жакшылап көңүл буруп окугула, балдар!
**В)** Татаал, табышмактуу эсептерди чыгарды.
**Г)** Ботом,ушинтип кантип тиксин?

**№ 8. Тыныш белгиси туура коюлган сүйлөмдү белгилеңиз.**
**А)** Айтор быйылкы түшүм оңунан чыкчудай болуп калды.
**Б)** Айтор, быйылкы түшүм оңунан чыкчудай болуп калды.
**В)** Айтор, быйылкы түшүм оңунан чыкчудай, болуп калды.
**Г)** Айтор быйылкы түшүм оңунан чыкчудай болуп калды.

**№ 9. Атоочтук түрмөк катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.**
**А)** Күзгү жалбырактар сары түскө боёлду.
**Б)** Каникулда айылды көздөй бет алды.
**В)** Күндүн шооласынан жүзү уялып турду.
**Г)** Кара кашка минген бала ат чабышка катышты.

**№ 10. Татаал сүйлөмдүн курамында канча жөнөкөй сүйлөм ?**

Бул жерде улууга ыйбаа кылып жол бошотуп өтүп кетсе эч сөз жок эле кайра өзүнүн адамгерчилигин көрсөтмөк.

**А)** 2 **Б)** 3 **В)** 4 **Г)** 5

**№11. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдү белгилеңиз.**
**А)** Эртерээк чыгып, үйгө эрте бар.

**Б)** Жеринин топурагы жакшы болсо, түшүм мол болот.
**В)** Билимди жоготуп коюш оңой, аны кайтарып алуу кыйын.
**Г)** Баласы оозун ачса, энеси жем салып турду.

**№12. Мезгил багыныңкы сүйлөмдү белгилеңиз.**
**А)** Атадан жакшы туулса, элинин камын көрөт
**Б)** Кубанычы койнуна батпай, Айтурган ыйлап турду.
**В)** Нуркыз кайда болсо, күлкү ошол жерде болот.
**Г)** Артисттер сахнага чыкканда, элдер кол чабышты.

**№13. Себеп багыныңкы сүйлөмдү белгилеңиз.**
**А)** Айлана жымжырт болгондуктан, чымындын учкан угулуп турду.
**Б)** Ынтымак кайда болсо, ийгилик ошол жерде.
**В)** Үйдөгүлөр уктаса да, жарык күйүп турду.
**Г)** Сабакта кандай гана кыйынчылык болбосун, биз аны жеңип чыгабыз.

**№14. Сыпат багыныңкы сүйлөмдү белгилеңиз.**
**А)** Канчалык көп машыксаң, ошончолук ийгилик болот.
**Б)** Агасын көрүп, ини өсөт.
**В)** Кандай катуу жаан жаабасын, талаага чыгабыз.
**Г)** Ишим элге жакса, мен өзүмдү бактылуумун деп эсептеймин.

**№15. Орун багыныңкы сүйлөмдү белгилеңиз.**
**А)** Өз оюн айта албай, көпкө чейин турду.
**Б)** Мага канат бүткөндөй, куштай учуп келе жатам.
**В)** Устаты ырдаган жерде, шакирти кошо жүрөт.
**Г)** Ээси келмейинче, телефонду бербейм.

**№16. Көрсөтүлгөн текст стилдин кайсы түрүнө мүнөздүү?**
Крокодилдер. Сойлоочулардын ичинен эң чоңу крокодилдер болуп саналат. Эң чоңу Нил крокодили, анын узундугу 10 м ге чейин жетет.
**А)** көркөм стиль
**Б)** публицистикалык стиль
**В)** илимий стиль
**Г)** расмий стиль

**№17. Арыз, түшүнүк кат стилдин кайсы түрүнө мүнөздүү?**
**А)** көркөм стиль
**Б)** публицистикалык стиль
**В)** расмий эмес стиль
**Г)** илимий стиль

**№18. Аныктооч катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.**
**А)** Батакөй чал бата берди.
**Б)** Аксакалдан сөз угалы.
**В)** Аңгыча автобус келип калды.
**Г)** Кетип бараткандарга айтылды.

**№19. Бышыктооч катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.**
**А)** Күн батар алдында келди.
**Б)** Табышмактуу бата айтылды.
**В)** Күлгөнгө күлө жетем.
**Г)** Обончу ырларды жаратты.

**№20. Асты сызылган сөздүн синтаксистик кызматын белгилеңиз.**
Сейрек кездешкен канаттууларды коргоп келебиз.
**А)** ээ
**Б)** баяндооч
**В)** аныктооч
**Г)** толуктооч

**Тесттин жыйынтыгын баалоо:**

- Ар бир туура аткарылган тапшырма 1 балл менен бааланат. Тестке жалпы максималдуу 20 балл берилет.
- Топтолгон баллды 5 баллдык баалоо шкаласына которуу:

| Балл | Баа |
|---|---|
| 1-6 | "2" |
| 7-10 | "3" |
| 11-14 | "4" |
| 15-20 | "5" |